**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема:* **Башка өлкөлөрдө үй-бүлөдө балдарга мамиле кандай?**

*Грамматикалык материал:* **Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү**

*Класс: 9 б*

*Болотканова Чынара Жаныбековна*

*2021-2022- окуу жылы*

**Сабактын кептик темасы**:Башка өлкөлөрдө үй-бүлөдө балдарга мамиле кандай?

**Грамматика**:Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү.

**Лексика**: Бапестеп,эркин тарбиялоо,жагымдуу,элеганттуулук,аристократтык,алек,коомдун жараны,кылдаттык.

| **Сабактын максаттары:** | Көрсөткүчтөр: |
|---|---|
| **Тилдик максат**: Жаңы лексика менен таанышышат,активдештиришет.<br>Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапканды үйрөнүшөт. | Окуучулар жаңы лексиканы пайдалана алышса, сүйлөмдөн сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн таба алышса. |
| **Кептик-катнаштык максат**:Тексттин мазмунун түшүнүп,сүйлөмдөгү каталарды оңдошот.Венндин диаграммасын түзүшөт | Текст боюнча сүйлөмдөрдүн каталарын оңдой алышса |
| **Социо-маданий максат**:Башка өлкөлөрдө үй-бүлөдө балдарга мамиле кандай экенин билишет,салыштыра алышат. | Башка өлкөлөрдө үй-бүлөдө балдарга мамиле кандай экенин билишет,салыштыра алышат.<br>Жупта,топто иштей алышса |

**Сабактын тиби:Жаңы теманы өздөштүрүү.**

**Сабактын формасы:жеке,жупта,топто иштөө.**

**Колдонулуучу ыкмалар: Белгилерди коюп окуу ( “Инсерт”системасы)**

**Колдонулуучу каражаттар:электрондук китеп,слайд,ноутбук,проектор,ватман,түстүү маркерлер**

| Сабактын этаптары | Мугалимдин ишмердүүлүгү Окутуучу жана өнүктүрүүчү Компоненттери,тапшырмалар жана көнүгүүлөр.<br>( Ар биринин убактысы көрсөтүлгөн) | Окуучулардын ишмердүүлүгү.<br>Сабакта өз ара аракеттерди уюштуруунун формалары | Күтүлүүчү натыйжаларга дал келүүсү | Көзөмөлдөө формасы |
|---|---|---|---|---|
| 1.Окуу ишмердүүлүгүн мотивдештирүү | Окуучуларды сабакка даярдоо.(1 мүнөт)<br>Гимн ырдатам ( 2 мүнөт)<br>Топторго бөлөм (1 мүнөт)<br>Баалоо баракчасы менен тааныштырам( 1 мүнөт)<br>Үй тапшырмасын текшерем( 5 мүнөт) | Түстүү жетондорду тандоо менен топторго бөлүнүшөт<br>Гимнди ырдашат | Мотивация учурунда тема боюнча билимдин маанилүүлүгүн түшүнүшөт. | Оозеки сурайм. |
| 2.Билимдерин актуалдаштыруу | Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн аныктамасын эске түшүрүү( 2 мүнөт) | Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн аныктамасын эстешет | Аныктамаларды билишет,мисалдарды келтире алышат | Оозеки жооп беришет |
| 3.Жаңы материалды өздөштүрүү | 1.Сабактын темасын божомолдотуу( Слайд)(1 мүнөт)<br>2.Сабактын темасын жана максатын айтам( Слайд) (2мүнөт)<br>3.Текстте кездешүүчү жаңы сөздөр менен тааныштырам( 1 мүнөт)<br>4.4-5 сөз менен сүйлөм түздүрөм.( 5 мүнөт)<br>Текстти 3 топко окутам (5-6 мүнөт)<br>" Инсерт "системасы боюнча окушат | 1. Слайддагы сүрөттөр аркылуу өтүлүүчү теманы табууга аракеттенишет.<br>2.Числону жазышат.<br>3.Сабактын темасын жазышат<br>( Жаңы сөздөрдү чечмелешет)<br><br>Сүйлөм түзүшөт.( ээ,баяндоочун табышат)<br><br>Текстти окушат,түшүнүүгө аракеттенишет.<br><br>Текстти белгилөө жолу менен окуп ,түшүнүшөт.<br>"v"-билем;" -"-билбейм;" ?-"түшүнүксүз | Божомолдору дал келсе | Оозеки жооп беришет<br><br>Тактага чыгып сүйлөм түзүшөт |
| 4.Өтүлгөн материалды | 1.Ар бир топ экиден | Сүйлөмдөрдүн ээ,баяндоочун | | Дептерлерине жазышат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **бышыктоо** | **сүйлөмдүн ээ,баяндоочун табышат(5 мүнөт)**<br>**2. Сүйлөмдөрдүн каталарын текст боюнча ондогула ( 2-3 мүнөт)**<br>**3.Берилген эки өлкөнүн тарбиясын Венндин диаграммасы аркылуу салыштырышат 5-6 мүнөт** | **табышат**<br>**Сүйлөмдөрдүн каталарын ондошот.**<br><br>**Эки өлкөнүн тарбиясын салыштырышат( топтук иш)** | | **Дептерлерин текшерем**<br><br><br>**Ватманга жазып ,презентациялашат.** |
| **5.Сабактын жыйынтыгы:** | **Кайтарым байланыш**<br>**Сүйлөмдөрдү толуктагыла:**<br>**А)Мен бүгүн.... билдим.**<br>**Б)Мага.....оор болду.**<br>**В)Мен... түшүндүм.**<br>**Г)Мага ....кызыктуу болду.**<br>**Д)Мен келечекте...**<br><br>**Кайсы өлкөнүн тарбиясы силерге жакты? Эмне үчүн?** | **1.Окуучулар сүйлөмдөрдү толукташат.**<br>**2.Ойлорун айтышат** | | **Оозеки толукташат.** |
| **6.Үй тапшырмасы:** | **“ Мага жаккан тарбия”деген темада 8 сүйлөмдөн кем эмес эссе жазып келү** | | | |
| **7.Окуучуларды баалоо** | | | | |

**№1 Тиркеме**

Италия.

Балдарын “30 жашка чейин деле бала бойдон кала берет”,- деген ой бар окшойт. Алар баласын өтө бапестеп өстүрүшөт. Бала бакчага барган балдар сейрек кездешет. Көбүнчө неберени тарбиялоо чоң ата, чоң эненин мойнунда. Ата-энелери эртеден кечке жумушта.

Нидерландия.

Эң негизги эреже “Балдарды эркин тарбиялоо” деп эсептешет. Балдарга бардык нерсеге уруксат берилген. Эртеден-кечке кыйкырып, чуркап, сындырса да мейли, ден соолугуна зыян келтирбесе эле болду. Окуу да жагымдуу болуш керек. Мектепке балдары китеп көтөрбөйт, сабакка керектүүсүн мектептен мугалимдер таратат. Чоңойгондо ата-энелерин капа кылбаганга аракет кылышат

Англия.

XX кылымдын аягына чейин балага кол көтөрүп тарбиялоону эффективдүү көрүшчү. Азыркы күндө да алар балдарын эркелетип өстүрбөйт. Алар балдарын кичине кезинен элеганттуулукка жана башка арестократтык жүрүш-турушка үйрөтүүгө көңүл бурушат. Балдары чоңойгондо ата-энелерин сыйлашат.

Нигерия.

Бул өлкөнүн балдары кыйынчылыкты кичине кезинен тартышат. Атаэнелери жумуш менен алек болушат. Балдары эки жашынан баштап өздөрү жуунуп, тамактанып, өздөрү жатып турушат. 4-5 жашынан баштап тамак-аш сатып келип, атаэнелерине жардам беришет.

Бельгия.

Балдарды кичине кезинен коомдун жараны катары тарбиялашат. Ошол себептен балдар 2,5 жаштан баштап мектепке барышат. Мугалим аларды бири-бирине жардам берүүгө, улууларды сыйлоого үйрөтөт. Ата-энеси балдары эч нерседен кем болбошу үчүн эрте кам көрүшөт.

Ирландия.

Бул өлкөдө адамдар балдарына өтө кылдаттык мамиле жасашат. Бала дүкөндөн баалуу нерсени сындырса да аны эч ким урушпайт, тескерисинче «Сен коркуп калган жоксуңбу?!»- деп сурашат. Дагы бир кызык: бул өлкөдө балдар үйү жок. Жетим балдарга дароо эле үй-бүлө табышат, анткени алар үй-бүлөлүк мамилени абдан баалашат.

№2 Тиркеме

27-бет 6-көнүгүү( 6 сүйлөмдү 2 ден сүйлөмгө бөлуп сүйлөмдүн ээ,баяндоочун таптыруу) ( 5-6 мүнөт)

| Өлкөлөр | балдарына мамилеси |
|---|---|
| 1. Италия<br>2.Нидерландия<br>3. Англия<br>4. Ирландия<br>5. Нигерия<br>6. Бельгия | 5. Эки жашынан баштап өздөрү жуунуп, тамактанып, өздөрү жатып турушат.<br>.... Бала бакчага барган балдар сейрек кездешет.<br>…. Бул өлкөдө балдар үйү жок<br>. …. Алар балдарын эркелетип өстүрбөйт.<br>...... Мектепке балдары китеп көтөрбөйт, сабакка керектүүсүн мектептен мугалимдер таратышат.<br>... балдар 2,5 жаштан баштап мектепке барышат. |

№3 Тиркеме

Сүйлөмдөгү каталарды текст боюнча оңдогула ( 3мүнөт)

1. Италияда ата-энелердин балдарга болгон «кам көрүүсү» чектен ашпайт.

2. Кореяда XX кылымдын аягына чейин балага кол көтөрүп тарбиялоону эффективдүү көрүшчү.

3. Белгияда балдар 2,5 жаштан баштап мектепке барышат.

4. Англияда балдар эки жашынан баштап өздөрү жуунуп,тамактанып, жатып турушат.

5. Нигерияда балдарын эркин тарбиялашат.

6. Нигерияда ата-энеси балдары эч нерседен кем болбошу үчүн эрте кам көрүшөт.

№4 Тиркеме


Топтук иш

Тандап алган 2 өлкөдөгү тарбияларды салыштырышып,Венндин диаграммасын түзүшөт( 5-6 мүнөт)

1-топ Италия Окшоштуктары Нидерландия


2-топ терия

ия






REDMI NOTE 8
AI QUAD CAMERA


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ
АНГЛИЯ-Нигерия